***Нусупова Р.С.***

# ОКУТУУНУН ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН БИЛИМ САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУДАГЫ РОЛУ

***Нусупова Р.С.***

# РОЛЬ ИННОВАЦИОННЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ПОВЫШЕНИИ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ

***Nusupova R.S.***

# THE ROLE OF INNOVATIVE EDUCATIONAL TECHNOLOGIES IN IMPROVING THE QUALITY OF EDUCATION

**УДК:37.0:37.013**

***Аннотация:*** *Бул макалада билим берүүнүн сапатын жогорулатууда инновациялык технологияларды колдонуу маселеси каралат. Инновациялык окутуу ыкмалары окуучулардын активдүүлүгүн, чыгармачылыгын жана критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталган. Макалада балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун заманбап формаларын тандоонун маанисин баса белгиленген. Мисалы, оюн аркылуу окутуу, интерактивдүү методдор, санариптик ресурстарды колдонуу жана долбоордук иш негизги орунду ээлейт. Макалада ошондой эле мугалимдин ролу, педагогикалык чеберчилиги жана окуу процессин уюштуруудагы жаратуучулук мамиле тууралуу да сөз болот. Натыйжада, инновациялык технологиялар билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөөрү аныкталган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Билим сапаты, инновациялык технологиялар, интерактивдүү окутуу, санариптик куралдар, долбоордук окутуу, оюн технологиялары.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается вопрос использования инновационных технологий для повышения качества обучения. Инновационные методы обучения направлены на развитие активности, креативности и критического мышления учащихся. В статье подчеркивается важность выбора современных форм обучения с учетом возрастных особенностей школьников. В качестве примеров рассматриваются игровые методы, интерактивные подходы, использование цифровых ресурсов и проектная деятельность. Также в статье акцентируется внимание на роли учителя, его педагогическом мастерстве и творческом подходе к организации учебного процесса. В результате было определено, что инновационные технологии способствуют повышению качества образования.*

***Ключевые слова:*** *Качество образование, инновационные технологии, интерактивное обучение, цифровые инструменты, проектное обучение, игровые технологии.*

***Annotation:*** *This article examines the use of innovative technologies to enhance the quality of education in primary school. Innovative teaching methods aim to develop students' activity, creativity, and critical thinking skills. The author emphasizes the importance of selecting modern teaching forms appropriate to the age-specific characteristics of young learners. Examples include game-based learning, interactive methods, the use of digital resources, and project-based activities. The article also highlights the role of the teacher, pedagogical skills, and a creative approach to organizing the learning process. As a result, it was determined that innovative technologies contribute to improving the quality of education.*

***Key words:*** *Quality of education, innovative technologies, interactive learning, digital tools, project learning, game technology.*

Азыркы учурда билим берүү системасынын ийгиликтүү иштеши инновациялык технологияларды колдонуу менен тыгыз байланышкан. Бул тенденция өзгөчө башталгыч класстарда маанилүү, анткени бул курак - баланын билим алуу негизи түптөлгөн мезгил. Башталгыч мектеп - бул окуучунун келечектеги академиялык ийгилигинин пайдубалы түзүлгөн жер. Ошондуктан, башталгыч класстарда инновациялык технологияларды колдонуу билим берүү изилдөөлөрүнүн актуалдуу темасы болуп саналат.

XXI кылымдагы окуучу XX кылымдагы окуучудан кескин айырмаланат. Бүгүнкү күндөгү балдар жаңы технологиялар менен эрте жашынан эле маалыматтын көп түрлөрү менен жеткиликтүү деңгээлде таанышышып, активдүү чөйрөдө жашашат. Жашоодогу мындай өзгөрүүлөр окутуу методдоруна карата заманбап мамилени талап кылат. Балдардын суроо-талабын канааттандырууга жана окууга болгон кызыгууну арттырууга, билим алуу процессин жекелештирүүгө жана башталгыч класстын окуучуларында 21-кылымдын көндүмдөрүн өнүктүрүүгө инновациялык технологиялар жардам берет.

Бул макаланын максаты - башталгыч класста окутуунун инновациялык технологияларын колдонуунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө, алардын артыкчылыктары менен кемчиликтерин аныктоо жана аларды колдонуу боюнча практикалык сунуштарды берүү болуп саналат.

Илимий булактарга кайрылсак, инновациялык технологияларды окутуу процессин жакшыртууга, окуучулардын таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн арттырууга жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган жаңы методдор, ыкмалар жана куралдар катары аныктайт. Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянсак, башталгыч класстарда колдонулган инновациялык технологияларды төмөнкүдөй классификациялагандыгын көрүүгө болот:

1. Интерактивдүү технологиялар:
   - Топтордо иштөө;
   - Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү ыкмалар;
   - Дискуссиялык методдор;
   - Ролдук оюндар.
2. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ):
   - Мультимедиялык окутуу
   - Электрондук окуу куралдары
   - Виртуалдык чөйрөлөр
   - Билим берүү платформалары жана тиркемелер
3. Оюн технологиялары:
   - Дидактикалык оюндар
   - Симуляциялар
   - Геймификация элементтери
4. Долбоордук окутуу:
   - Жеке долбоорлор
   - Топтук долбоорлор
   - Изилдөөчүлүк долбоорлор
5. Дифференциалдык жана жекече окутуу технологиялары:
   - Адаптивдүү окутуу системалары
   - Деңгээлдүү тапшырмалар
   - Жекече билим берүү траекториялары [2;5;7;8;10]

Ш.А. Амонашвили өзүнүн эмгектеринде балдарды окутуп-тарбиялоодо ар бир баланын потенциалы өзгөчө жана ага ылайык окутуу ыкмаларын тандоо керектигин жана балага жөндөмүнө жараша жекече мамиле кылуу инновациялык окутуунун негизи боло тургандыгын белгилейт [1].

Башталгыч класстын окуучуларына инновациялык технологияларды сабакка натыйжалуу колдонуу үчүн алардын курактык өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө маани берүү зарыл. Мисалга алсак, 7-11 жаштагы балада когнитивдик өнүгүү конкреттүү иш аракеттерди аткаруу стадиясында турушат (Ж. Пиаженин теориясы боюнча). Алар логикалык ой жүгүртүшөт, бирок абстракттуу түшүнүктөрдү түшүнүүдө кыйыналышат. Андыктан бул курактагы балдарга визуалдык колдоо жана практикалык иш-аракеттер аркылуу окуткан эффективдүү болот [14].

- Көңүл буруу жана эс тутум: Башталгыч класстын окуучуларынын көңүл буруусу туруктуу калыптана элек болгондуктан алар тез чарчайт жана башка нерселерге көбүрөөк алагды болушат. Башталгыч класстын окуучуларынын активдүүлүгүн жогорулатууда сабакта түрдүү ыкмаларды, көнүгүүлөрдү колдонуу маанилүү.

- Мотивация: Бул курактагы балдардын билим алууга мотивациясы тышкы факторлордон (мугалимдин мактоосу, жакшы баа) көз каранды болот. Ошондуктан, сабакта оюн элементтерин колдонуу, кызыктуу контентти түзүү жана окуучунун жетишкендиктерин сабакта сөзсүз белгилөө өз натыйжасын берет.

- Социалдык өнүгүү: Башталгыч класстын окуучулары теңтуштары менен баарлашууга, кызматташууга абдан кызыгат, бирок командада иштөө көндүмдөрү толук калыптана элек учуру болот. Андыктан окуучуда бул көндүмдөрдү калыптандырууга топтук талкуу жана топтордо иштөө ыкмаларын колдонуу өз натыйжасын берет.

Башталгыч класстын окуучуларынын активдүлүгүн жогорулатуу жана билим, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандырууда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуунун эффективдүүлүгү жогору деп айта алабыз. Анткени азыркы учурда бала кичине кезинен тартып эле санариптик технологиялар жөнүндө түшүнүгү бар, колдонуу жөндөмүнө ээ болууда. Ю.Н. Емельянов, Н.В. Макарова санариптик технологиялар окуучулардын активдүлүгүн жогорулатып, өз алдынча иштөөсүнө өбөлгө түзөөрүн белгилешет [4].

Санариптик технологиялар башталгыч класстардагы окутуу процессин алып барууда зарыл каражатка айланууда. Алардын сабакта колдонулушу төмөнкү өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт:

- Интерактивдүү, панелдик доскалар: Интерактивдүү же панелдик доскалар визуалдык материалдарды көрсөтүүгө, интерактивдүү көнүгүүлөрдү аткарууга жана окуучулардын сабакка активдүү катышуусун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет. Бул доскаларды өзгөчө башталгыч класстарда колдонуу натыйжалуу, анткени көрүү жана кыймылдатуу аркылуу балдардын окууга болгон кызыгуусун арттырат [4].

Математика, окуу, жазуу жана табият таануу сыяктуу предметтер үчүн атайын иштелип чыккан тиркемелер окуучуларга материалды интерактивдүү форматта үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Башталгыч класстар үчүн иштелип чыккан тиркемелер көбүнчө оюн элементтерин камтыйт, бул балдардын окууга болгон мотивациясын арттырат.

Виртуалдык экскурсиялар окуучуларга көрүп үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн берет, бул башталгыч класстын окуучулары үчүн өзгөчө маанилүү, анткени алар конкреттүү жана визуалдык материалдарды жакшы кабыл алышат. Окуучулар мектеп кабинетинен чыкпастан эле дүйнөнүн ар кандай жерлерин, тарыхый жайларды, музейлерди,

зоопарктарды көрө алышат. Виртуалдык экскурсиялар китептерде сүрөттөлгөн абстракттуу нерселерди реалдуу көрүнүштөр менен байланыштырууга жардам берет.

Е.И. Радина оюн технологиялары башталгыч класстын окуучуларынын табигый кызыгуусу менен шайкеш келет жана төмөнкү өзгөчөлүктөргө ээ: атайын иштелип чыккан дидактикалык оюндар окуу материалын кызыктуу жана жеткиликтүү формада жеткирүүгө мүмкүнчүлүк бере тургандыгын белгилейт. Оюн технологиялары окутуудагы өзгөчө татаал түшүнүктөрдү үйрөтүүдө пайдалуу [15].

Ролдук оюндар башталгыч класстын окуучуларына реалдуу жашоо кырдаалдарын симуляциялоо жана социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн берет. Алар эмпатияны өнүктүрүүгө жана курчап турган дүйнөнү түшүнүүгө жардам берет.

Сабакта геймификация элементтерин (упайлар, деңгээлдер, виртуалдык сыйлыктар) окутуу процессине киргизүү окуучулардын мотивациясын жана катышуусун арттырат. Бул куракташы балдар сабакта туура жоопторду берип, курбуларынын алдында ийгилигин көрсөтүүгө аракет кылышат.

А.А. Вербицкий долбоордук окутуу башталгыч класста окуучуларга өз билимин практикада колдонууга мүмкүнчүлүк бере тургандыгын белгилейт. Ар кандай долбоордук сабактарды уюштурууда балага берилген тапшырма өзү жашаган жердеги маселени кароого багытталганы натыйжалуу [3]. Мисалы төмөндө бир катар долбоордук иштин түрлөрүн карап өтөлү.

- Жеке жана топтук долбоорлор: Долбоордук иштер окуучуларга өз кызыгуулары боюнча изилдөө жүргүзүүгө жана натыйжаларын көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, "Биздин шаардын же айылдын тарыхы", "Биз жашаган жердеги өсүмдүктөр жана жаныбарлар", "Менин үй-бүлөмдүн салттары" сыяктуу долбоорлор.

- Интеграцияланган долбоорлор: Ар кандай предметтер аралык байланышты камтыган долбоорлор окуучуларга башка предметтерден алган билимдеринин ортосундагы байланыштарды көрүүгө жардам берет. Мисалы, өсүмдүктөрдүн өсүшүн изилдөө боюнча долбоор табият таануу, математика жана сүрөт сабагында алган билимдерин байланыштырууга жардам берет.

- Коомдук мааниси бар долбоорлор: Бул долбоорлор окуучуларга өзү жашап жаткан аймактагы реалдуу проблемаларды чечүүгө катышууга мүмкүнчүлүк берет [10]. Мисалы, мектеп аймагын көрктөндүрүү, экологиялык иш-чаралар, карылар үйлөрүнө баруу. Мындай долбоорлорду аткаруу менен окуучу жоопкерчиликтүү болууга, чечим кабыл алууга, башка чөйрөдөгү адамдар менен баарлашууга үйрөнөт.

Интерактивдүү окутуу методдору окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусун көздөйт:

- Топтордо иштөө. Бул методдор окуучуларга чакан топтордо иштөөгө жана бири-биринен үйрөнүүгө, өз ойлорун эркин айтууга, сунуш берүүгө, топ үчүн жоопкерчилик алууга мүмкүнчүлүк берет.

Башталгыч класстын окуучуларына ылайыкташтырылган баарлашуулар окуучуларга өз оюн билдирүүгө, суроолорду берүүгө жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Эксперименттер, байкоолор, моделдерди түзүү сыяктуу практикалык иш-аракеттер окуучуларга окуу материалын жакшыраак түшүнүүгө жана эстеп калууга жардам берет. Андыктан сабакта окуучулар аткара турган тапшырмалар ушул багытта иштелип чыгуусу маанилүү [2].

Окутуу процессинде инновациялык ыкмаларды колдонууда мугалим билим транслятору болуудан четтейт [10]. Бул технологияларды колдонууда башталгыч класстын мугалими төмөнкү функцияларды аткарат:

- Фасилитатор: Мугалим билимди түздөн-түз берүүчү эмес, окуучулардын ошол билимдерди өздөшүрүүсү үчүн багыт берүүчү болуп калат. Ал окуучуларга маалыматты өз алдынча изилдөөгө, суроолорду берүүгө жана жоопторду табууга багыттайт.

-Билим берүү чөйрөсүн долбоорлоочу: Мугалим окуучулардын кызыгуусун жана активдүүлүгүн колдоого алган билим берүү чөйрөсүн түзөт. Бул физикалык чөйрөнү уюштурууну, санариптик ресурстарды тандоону жана ар түрдүү окуу материалдары менен камсыздоо болуп саналат [11;12;13].

- Технологиялык адис: Мугалим заманбап технологияларды жакшы өздөштүрүшү жана аларды натыйжалуу колдоно билиши керек. Бул үчүн мугалимден үзгүлтүксүз кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү талап кылынат.

Инновациялык технологияларды башталгыч класстын окуу процессинде колдонууда дайыма эле ийгиликтүү боло бербейт жана бир катар кыйынчылыктар менен да кездешүүгө болот. Алардын айрымдарын токтолсок, көптөгөн мектептерде заманбап жабдуулардын жана сапаттуу интернет байланышынын жетишсиздигин айтууга болот [16].

Окуучулардын компьютердик көз карандылыгы: Технологияларды ашыкча колдонуу балдардын көз карандылыгына жана физикалык активдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн.

Инновациялык технологияларды колдонуунун натыйжалуулугун баалоого да көңүл буруу керек. Инновациялык технологияларды колдонуунун натыйжалуулугун баалоо үчүн төмөнкү критерийлерди колдонууга болот:

- Окуучулардын жетишкендиктери: Окуу жетишкендиктеринин деңгээлинин жогорулашы, стандарттык тесттердин жыйынтыктарынын жакшырышы [13].

- Мотивация жана катышуу: Окуучулардын сабактарга катышуу деңгээли, таанып-билүүчүлүк кызыгуу, өз алдынча иштөөгө умтулуусу.

- Негизги көндүмдөрдүн өнүгүшү: Сынчыл ой жүгүртүү, чыгармачылык, кызматташтык, коммуникация сыяктуу 21-кылым көндүмдөрүнүн өнүгүшү.

- Мугалимдердин, окуучулардын жана ата-энелердин канааттануусу: Инновациялык технологияларды колдонуу тууралуу мугалимдер, окуучулар жана ата-энелердин оң баасы [16;17].

Башталгыч класстарда инновациялык технологияларды натыйжалуу колдонуу үчүн төмөнкү сунуштарды бере кетмекчибиз:

1. Инновациялык технологияларды колдонууда: Бир убакытта бардык технологияларды колдонууга болбой тургандыгын белгилемекчибиз, аны сабакта коюлган максатка ылайыктуу тандоону жана мугалимдер аларды акырындык менен киргизип, натыйжаларды байкап, тажрыйбаларын кеңейтип, андан кийин башка ыкмаларды колдонууну сунуштайбыз.

2. Технологияларды максаттуу колдонуу: Технологияларды сабакта кызыктуу болгону үчүн же сабакты жандандыруу үчүн эмес, белгилүү педагогикалык максаттарга жетүү үчүн колдонуу керек. Ар бир технологияны колдонуунун максаты жана күтүлүүчү натыйжалары так аныкталышы керек.

3. Салттуу жана инновациялык ыкмаларды айкалыштыруу: Инновациялык технологиялар салттуу окутуу методдорун толуктап турат жана инновациялык технология

жеткире албаганды салттуу ыкмалар аркылуу жеткирип, бирок тигил же бул ыкмага толугу менен алмаштырбашы керек.

4. Мугалимдердин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсү: Мугалимдер үчүн жаңы технологияларды колдонуу боюнча үзгүлтүксүз окутуулар жана тренингдер уюштурулушу керек. Тажрыйба алмашуу үчүн мугалимдердин кызматташуусуна мүмкүнчүлүк түзүү да маанилүү [17].

5. Ата-энелерди тартуу: Ата-энелерди балдарынын билим алуу процессине тартуу, аларга колдонулган технологиялар жана алардын максаттары жөнүндө маалымат берүү, үй шартында окуу ишин колдоо боюнча сунуштарды берүү.

6. Коопсуздук жана этика: Окуучуларды интернет коопсуздугунун негиздерине үйрөтүү, санариптик технологияларды колдонуунун этикалык аспектилери жөнүндө сүйлөшүү, экрандын алдында өткөргөн убакытты чектөө жана контролдоо.

Ошентип, башталгыч класста инновациялык технологияларды колдонуу заманбап билим берүүнүн маанилүү тенденцияларынын бири болуп саналат. Алар окутуу процессин кызыктуу жана натыйжалуу кылууга, ар бир окуучунун муктаждыктарына жараша окутууну жекелештирүүгө жана 21-кылымда керектүү көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет.

Ошол эле учурда, инновациялык технологияларды киргизүү бир катар кыйынчылыктарды да жаратат, алардын ичинде техникалык жабдуулардын жетишсиздиги, мугалимдердин даярдыгынын жоктугу жана салттуу окутууну санариптик технологиялар менен теңдештирүү зарылчылыгын белгилөөгө болот.

Башталгыч класста инновациялык технологияларды колдонууда төмөндөгүдөй шарттардын болушу зарыл: мугалимдердин тийиштүү даярдыгы, талап кылынган техникалык жабдуулардын болушу, салттуу жана инновациялык ыкмаларды айкалыштыруу, ата-энелердин колдоосу. Эгерде бул шарттар аткарылса, инновациялык технологиялардын жардамы аркасында башталгыч класстагы окуу процесси өзгөрүп, окуучуларды коомталамдуу инсан болуп калыптануусуна жардам берет деп айта алабыз.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Амонашвили Ш.А. Гуманная педагогика и ее роль в современном образовательном процессе. - М.: Амрита, 2018. - 328 с.
2. Бектенов З.Б. Башталгыч класста интерактивдүү окутуу. - Бишкек: Билим, 2019. - 214 б.
3. Вербицкий А.А. Активное обучение в высшей школе: контекстный подход. — М.: Логос, 2004. — 272 с.
4. Емельянов Ю.Н., Макарова Н.В. Цифровые образовательные ресурсы в начальной школе: учебное пособие. — М.: Просвещение, 2019. — 128 с.
5. Жумабаева Ч.А. Башталгыч класста окутуунун жаңы технологиялары. - Бишкек: Кутаалам, 2020. - 185 б.
6. Зимняя И.А. Педагогическая психология. - М.: МПСИ, 2017. - 448 с.
7. Иманкулов М.К. Кыргызстанда билим берүүнүн инновациялык маселелери. - Бишкек: Айат, 2021. - 230 б.
8. Касымалиев М.У., Калдыбаев С.К., Ашымбаева Т.А. Жалпы билим берүүчү орто мектепте инновациялык билим берүү технологиялары.- Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана № 3, 2023-292-298 бб.

9. Мамбетакунов Э. Окутуунун технологиялары жана педагогикалык чеберчилик. - Бишкек: Университет, 2017. - 198 б.

**10**. Нусупова, Р. С. ЖОЖдордо болочок адистерди кесипке даярдоодо инновациялык технологияларды колдонуу / Р. С. Нусупова // Педагогикалык билим берүүнүн сапатын жогорулатуу маселелери : илимий-практикалык жыйнак. — Бишкек: И.Арабаев атындагы КМУ, 2021. — Б. 45–50.

11. Нусупова Р.С. Анализ теории подготовки будущих педагогов к воспитанию толерантности у школьников // Наука и новые технологии. - №1. - 2013. - С. 269-271.

12. Нусупова Р.С. Жогорку окуу жайларда студенттердин (бакалавр) кесиптик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары. Наука и новые технологии.- № 9, 2022 С. 306-309

13.Нусупова Р.С. Анализ содержания понятия «ожидамые результаты.- Наука и новые технологии.-2022. №. 9. С. 267-270

14. Пиаже Ж. Психология интеллекта. - СПб.: Питер, 2019. - 192 с.

15. Радина Е.И. Игровые технологии в начальной школе: учебное пособие. — М.: Академия, 2020. — 144 с.

16.Рысбекова А. Р**.** Башталгыч класстарда билим берүүнүн жаңы технологияларын колдонуу жолдору // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. – Ош: ОшМУ басмасы, 2021. – №3(27). – Б. 88–92.

17. Турдубаева Б.М., Нурматова М.Н. Башталгыч класстардын мугалимдери тарабынан компетенттүүлүккө багытталган окутууну уюштуруу маселелери.- Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.- № 3, 2023.- 249-252-бб.